УДК 327.7](575.2)

***Тынаева Н.,***
*КМЮАнын мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы жана эл аралык укук кафедрасынын окутуучусу*
***Тынаева Н.,***
*преподаватель кафедры теории и истории государства и права и международного права КГЮА*
***Tynaeva N.,***
*lecturer theory and history of state and law, and international law department of the KSLA*
*моб.тел.: +996 (556) 245437*
*e-mail: nazi_111@mail.ru*
***Каримбердиева Ш.,***
*КМЮАнын мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы жана эл аралык укук кафедрасынын окутуучусу*
***Каримбердиева Ш.,***
*преподаватель кафедры теории и истории государства и права и международного права КГЮА*
***Karimberdieva Sh.,***
*lecturer theory and history of state and law, and international law department of the KSLA*
*моб.тел.: +996 (555) 666911*
*e-mail: chyryn30@gmail.com*

# ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУНДАГЫ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН РОЛУ

# РОЛЬ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В ШАНХАЙСКОЙ ОРГАНИЗАЦИИ СОТРУДНИЧЕСТВА

# THE ROLE OF THE KYRGYZ REPUBLIC IN THE SHANGHAI COOPERATION ORGANIZATION

***Аннотация:*** *Бул макалада Кыргыз Республикасынын Шанхай Кызматташтык уюмунун негиздөөчү мамлекеттердин бири катары каралып, мүчө катары кандай ролду ойной турганы анализделет. Кыргызстан Шанхай Кызматташтык Уюмунун мүчөсү болуп баштагандан берки мезгилден тартып, уюмдун алкагында кызматташтык боюнча активдүү иш жүргүзүп келет. Мисалы, аймактагы тынчтыкты, коопсуздукту жана стабилдүүлүктү колдоп, Кыргыз Республикасы тарабынан Аймактык антитеррордук структурасын (ААТС) түзүү идеясы сунушталган. Азыркы кундо ААТСка болгон муктаждык абдан чон, себеби терроризм, экстеремизм жана сепаратизмге каршы биргелешкен кызматташуусу, тажрыйба алмашуу мүчөмамлекеттер арасында өтүп турат.*

***Аннотация:*** *В данной статье анализируется роль Кыргызской Республики как одной из стран - основательниц Шанхайской Организации Сотрудничества. Кыргызстан в рамках сотрудничества ведет активную деятельность, как предложение о создании Региональной антитеррористической структуры (РАТС) ШОС, которая на сегодняшний день является самой востребованной структурой ШОС по обмену оперативной информацией о силах терроризма, экстремизма и сепаратизма.*

***Annotation:*** *This article analyzes the role of the Kyrgyz Republic as one of the founding countries of the Shanghai Cooperation Organization. Within the framework of cooperation, Kyrgyzstan is active in proposing the creation of a Regional Antiterrorist Structure (RATS) of the SCO, which is by far the most sought-after structure of the SCO for the exchange of operational information about the forces of terrorism, extremism and separatism*

***Негизги сөздөр:*** *Шанхай кызматташтык уюму; Кыргыз Республикасы; Саммит; кызматташтык; жыйын; төрагалык; ишмердүүлүк.*

***Ключевые слова:*** *Шанхайская Организация Сотрудничества; Кыргызская Республика; Саммит; сотрудничество; заседание; председательство; деятельность.*

***Keywords:*** *Shanghai Cooperation Organization; Republic of Kyrgyzstan; Summit; cooperation; meeting; chairmanship; activity.*

Геосаясий процесстер мамлекеттер менен мамлекеттер аралык бирикмелердин тышкы саясаты аркылуу ишке ашырылышы маалым. Тышкы саясат - ички саясаттын уландысы, анын түрдүү каражат жана ыкмалардын жардамы менен башка мамлекеттер менен болгон мамилесине жараша жайылуусу. Ички саясат сыяктуу, тышкы саясат үстөмдүк кылган экономикалык негиз, коомдун жана мамлекеттик коомдук түзүлүшү менен тыгыз байланышкан жана аларды дүйнөлүк аренада чагылдырат. Анын башкы максаты - бул же тигил мамлекеттин кызыкчылыгын жүзөгө ашыруу, анын эли-

нин жыргалчылыгы үчүн абдан жагымдуу эл аралык шарттарды камсыз кылуу болуп эсептелет. Бул болсо мамлекеттик тиешелүүлүккө көз карандысыз, эл аралык укукта аракеттенген субъекттердин Тышкы саясаттын макулдашуусунун зарылчылыгын пайда кылат. Азыр айрыкча коопсуздукту камсыз кылуу, айлана-чөйрөнү сактоо, экокомикалык мамилелерди өнүктүрүү чөйрөсүндө глобалдуу жана региоaналдык маселелердин ролу жана мааниси жогорулоодо. Ошондуктан бирдиктүү жана координацияланган аракеттер гана эмес, мамлекеттердин ички саясатында да кандайдыр бир деңгээлде өзгөртүү киргизилиши зарыл. Ошону менен тышкы саясат ички саясатты улантып, бекемдөө менен эл аралык реалдуулукка, мыйзам ченемдүүлүктөргө, дүйнөлүк өнүгүштүн критерийлерине ылайык ага оңдоо киргизет. Тышкы саясаттын башкы каражаты болуп элчилик - мамлекет башчыларынын, өкмөттүн жана тышкы иштер боюнча атайын органдардын (мис., тышкы иштер министрлиги) чет өлкөлөрдө мамлекеттердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча расмий ишмердүүлүгү эсептелет. Алардын тышкы саясий максаттары соода - экономикалык, илимий-техникалык, кредиттик-каржылык жана маданий, байланыштарды орнотуу жана жайылтуу жолу менен ишке ашат. Алар расмий деңгээлде, ошондой эле коомдук жана жеке уюмдардын жана мекемелердин жардамы менен жүргүзүлөт. Тышкы саясаттын түпкү маселелеринин бири - ар бир элдин жана бүткүл адамзаттын кызыкчылыгында дүйнөлүк иштерди жүргүзүүнүн универсалдык куралы катары мамлекеттердин тынч жашоосунун принциптерин ырастоо болуп саналат [1].

Албетте, ШКУ ошондой принциптерди сактоо максатында пайда болгон уюм. 2001-жылы саммит Шанхай шаарында, Кытайда өттү. Беш мүчө-өлкө Шанхай Бешилтигинин аппаратына Өзбекстанды кабыл алышты (ошентип Шанхай алтыилтигине айланды).

Андан соң алты өлкө башчылары 2001-жылдын 15-июнунда кызматташтыкты жогорку деңгээлге чыгаруу максатында “Шанхай Кызматташтык Уюмунун Декларациясына” кол коюшту. 2001-жылдын июлунда, Россия Федерациясы жана Кытай Эл Республикасы, уюмдун эки баштоочу өлкөсү, “Ынак коңшулук жана дос кызматташтык боюнча макулдашууга” кол коюшту [2]. Мына, ошондон бери Кыргыз Республикасынын ШКУнун курамында болушуна 18 жылдын жүзү болду.

Уюмдун негизги максаты - саясий, соода-экономикалык, маданийбилим берүү жана башка тармактагы эффективдүү аймактык кызматташтыкты өнүктүрүү, ошондой эле, аймактагы тынчтыкты, коопсуздукту жана стабилдүүлүктү колдоо эсептелет. ШКУнун алкагындагы кызматташтык Кыргыз Республикасынын көп тараптуу диплома-тиясынын бирден бир приоритеттүү багыттары болуп эсептелип, өлкөбүздүн улуттук кызыкчылыктарына жооп берет. Кыргызстан ШКУна катыша баштагандан берки мезгилдин арасында, анын алкагында кызматташтык боюнча активдүү иш жүргүзүп келет. Атап айтсак, ШКУнун Аймактык антитеррордук структурасын (ААТС) [3] түзүү идеясы Кыргыз Республикасына таандык. Бул багытта, 2002-жылдын 25-28- сентябрында Кыргызстандын аймагында ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин өкүлдөрүнү тарабынан ШКУнун ААТС механизмин ишке киргизүү маселесине арналган биринчи жыйыны болуп өткөн. 2007-жылдын 16-августунда Бишкекте ШКУнун Саммити болуп өттү, анын жыйынтыгында ШКУнун алкагында жаңы басымдарды кошкон ШКУнун эл аралык келишимдерине кол коюлган: ШКУнун мүчөмамлекеттеринин узак мөөнөттүү коңшулаштыгы, достугу жана кызматташтыгы жөнүндөгү Келишим, ШКУнун Ишкер Кеңешмеси жана Банктар аралык Бирикмесинин ортосундагы кызматташтык жөнүндөгү Макулдашуу, ШКУнун мамлекет-мүчөлөрүнүн Өкмөттөрүнүн ортосундагы маданият тармагындагы кызматташтыгы жөнүндөгү макулдашууга кол коюлган.

Кыргыз Республикасы, ШКУдагы 2012-2013-жылдардагы Төрагалыкты өткөрүп алган соң, ар тараптуу кызматташтыктын мындан ары илгерилешине максималдуу аракеттерди жасады. ШКУдагы Кыргызстандын төрагалыгынын уникалдуулугу, Кыргызстандын аймагында ШКУнун эки эң жогорку органдарынын жыйындарынын уюштурулу-пөтүшү болуп эсептелет, атап айтсак, 2012-жылдын декабрь айындагы ШКУнун Өкмөт башчыларынын Кеңеши жана 2013-жылдын сентябрындагы ШКУнун Мамлекет башчыларынын Кеңеши. Уюмдун түптөлгөн күнүнөн баштап, ШКУнун тарыхында буга окшогон практика болгон эмес. 2012-жылдын 4-5-декабрындагы Бишкекте өткөн ШКУнун Өкмөт башчыларынын Кеңешинин натыйжалуулугу, анда кабыл алынган жана бекитилген документтер менен тастыкталат. Тактап айтканда, алардын арасындагы эң чоң мааниге ээ болгон 2012-2016-жылдар

мезгилине карата ШКУнун алкагындагы долбоорлук иш-аракеттерди мындан ары өнүктүрүүгө багытталган иш-чаралардын Тизмеги, Өзгөчө кырдаал абалдардын кесепетин жоюуда жардам көрсөтүүдө ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин Өкмөттөрү аралык өз-ара иш-аракети жөнүндө Макулдашуу жана ШКУнун мамлекет-мүчөлөрүнүн Бажы кызматтарынын ортосундагы интеллектуалдык менчикти коргоо боюнча кызматташтык жөнүндө Меморандуму. Кыргыз Республикасынын ШКУдагы төрагалыгы ШКУнун Мамлекет башчыларынын Кеңешинин жыйынын өткөрүлүшү менен аяктады (Бишкек ш., 2014-ж. 12-13 сентябры). Күн тарбинине ылайык, мамлекет башчылары ШКУнун мейкиндигинде узак мөөнөттүү коңшулаштык жана достук, аймактык коопсуздукту камсыздоо, экономикалык жана гуманитардык өз-ара ишаракет боюнча мамилелерди өнүктүрүү максатына багытталган ШКУнун иш-аракетин мындан ары жакшыртуу жаатында өз-ара пикир алмашышты. Мындан сырткары, мамлекет башчылары аймактык жана эл аралык актуалдуу маселелерди талкуулашып, 2013-2014-жылдарга карата ШКУда Төрагалык милдетти аткара турган мамлекет жөнүндө чечим кабыл алышты, чечимге ылайык, Тажикистан шайланды. Президенттер ШКУнун мамлекет башчыларынын Кеңешинин (МБК) төмөндөгү чечимдерине кол коюушту: ШКУ мүчө-мамлекеттеринин узак мөөнөттүү коңшулаштык, достук жана кызматташтык жөнүндө Келишимдин жоболорун жүзөгө ашыруу боюнча 2013-2017-жылдарга карата иш-аракеттер жөнүндө; 2012-жылдагы ААТСтын иш-аракети жөнүндө ШКУнун Аймактык антитеррордук структурасынын (ААТС) [3] Кеңешинин докладын бекитүү; ШКУнун Башкы катчысынын Уюмдун өткөн жылдагы иш-аракети жөнүндөгү докладын бекитүү. Ошондой эле, ШКУнун МБКнин негизги саясий документине кол коюулду - Бишкек декларациясы жана маалымат билдирүүсү кабыл алынды. Ошону менен бирге, жыйындын алкагында Өкмөт аралык илимий - техникалык кызматташтык жөнүндө макулдашууга кол коюулду. ШКУнун МБКине даярдануудагы негизги иш-чаралардын ичинде, 2013- жылдын 13-июнунда Чолпон-Ата шаарында болуп өткөн ШКУнун мүчөмамлекеттеринин Тышкы иштер министрлеринин Жыйынынын (ТИМЖ) өткөрүлүшү болду [4].

9-10-июнь 2018-жылы Кытай Эл Республикасынын Циндао щаарында Шанхай Кызматташтык Уюмуна мүчө мамлекеттердин башчыларынын Кеңеши болуп өттү. Бул саммит ШКУнун “шанхай сегизилтигинин” форматында өнүгүү тарыхынын жаңы барагын ачты. Тактап айтканда, жыйынга ШКУнун толук укуктуу мүчөсү катары биринчи жолу мамлекеттердин башчыларынын Кеңешине Индия Республикасынын Премьер-министри мырза Нарендра Моди жана Пакистан Ислам Республикасынын Президенти мырза Мамнун Хусейн катышышты. Жыйындын жыйынтыгында 17 документке кол коюлду, анын ичинде, Шанхай Кызматташтык Уюмуна мүчө-мамлекеттердин 2018-2022-жылдарга карата аткарыла турган Планын бекитүү, Шанхай Кызматташтык Уюмуна мүчө мамлекеттеринин 2019-2021-жылдарга карата терроризм, экстеремизм жана сепаратизмге каршы биргелешкен кызматташуусунун Программасын бекитүү, ШКУнун мүчө мамлекеттеринин 2018-2023-жылдарга карата Антинаркотикалык стратегиясын жанан анын аткарылышын бекитүү жана башкалар.

2019-жылдын 14-15 июнунда Кыргызстан ШКУнун төрагалыгын алгандыгына байланыштуу, уюштуруу комитетинин бир катар жыйындары өткөн. Башкы саммитти даярдоо боюнча тиешелүү протоколдор, анын ичинде маданий-гуманитардык иш-чаралар боюнча протокол бекитилген. Алдыда дагы Коопсуздук Кеңеш катчыларынын, тышкы иштер жана коргоо министрлеринин отурумдары жана ошондой эле ШКУ медиа саммити, көркөм көргөзмө, эл аралык марафон, ШКУ бизнес-форуму жана башкы саммиттин алдындагы гала-концерт сыяктуу маданий-гуманитардык иш-чараларды өткөрүлөт. Кыргызстандын ШКУга төрагалык кылуусунун негизги артыкчылыгы катары аталган уюмдун эл аралык аренада кадыр-баркынын өсүшүнө салым кошуу, терроризмге, экстремизмге, баңгизаттарды мыйзамсыз жүгүртүүгө каршы күрөшүү боюнча кызматташтыкты өнүктүрүү жана ошондой эле саясий, соода-экономикалык, маданий-гуманитардык, инвестициялык тармактарда кызматташууну кеңейтүүнү атады [5].

Демек, мамлекетибиз азыркы күндө толук кандуу мүчөсү катары, ШКУнун өнүгүшүнө өз салымын кошуп келе жатат. Ошол эле учурда, мамлекетибизге келген пайдасы да аз эмес.

**КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАР:**

1. Асанов, Ү., Акунов, А.. Саясат таануу [Текст]: Энциклопедиялык окуу куралы /Ү. Асанов, А. Акунов. - Б.: 2004. - 140 с.

2. Сабиров, Р.К. Кыргыз Республикасынын Кытай Эл Республикасы менен саясий-экономикалык кызматташуусунун өнүгүүсүнүн тарыхый анализи (1992-2010-жж.) [Текст]: автореф. дис. ... канд. ист. наук: 07.00.02 / Р.К. Сабиров. - Б., 2013. - 20с.

3. ААТС (Региональная антитеррористическая структура ШОС) [Электрондук ресурс]: Мүмкүнчүлүк алуу режими: http://ecrats.org / 04.05.19/. - Башкы экрандан.

4. Конгайтиева, Г.А. Кыргызстан жана Борбордук Азиянын геосаясий процесстери ааламдашуу шартында. [Текст]: дис. саясат таануу илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу: 23.00.02 / Г.А. Конгайтиева. - Бишкек, 2018. - 177 с.

5. Кыргызстан ШКУ саммитине кандай даярдык көрүүдө? [Электрондук ресурс]: Мүмкүнчүлүк алуу режими: https://sputnik.kg/world/20190112/1042827910/kyrgyzstan-shku-sammitine-kandaj-dayardyk-koruudo.html./ 04.05.19/. - Башкы экрандан.


**Рецензент:** КМЮАнын Мамлекет жана укук теориясы жана эл аралык укук кафедрасынын башчысы, ю.и.к. Казакбаев М.К.

**УДК 341:347.64/.8**


***Уранбекова К.У.,***
*КМЮАнын Нарын юридикалык колледжинин окуутучусу*
***Уранбекова К.У.,***
*преподаватель Нарынского юридического колледжа КГЮА*
***Uranbekova K.,***
*Lecturer of the Naryn Law College of the KSLA*
*mobile: +996 (550) 172820*
*e-mail: kalicha_ uranbekovna @mail.ru*


## ЧЕТ ЭЛДИК ЭЛЕМЕНТ МЕНЕН МУРАСТЫК МАМИЛЕЛЕРДИ УКУКТУК ЖӨНГӨ САЛУУНУН ГЕНЕЗИСИ

## ГЕНЕЗИС МЕЖДУНАРОДНО-ПРАВОВОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ НАСЛЕДСТВЕННЫХ ОТНОШЕНИЙ С ИНОСТРАННЫМ ЭЛЕМЕНТОМ

## GENESIS OF INTERNATIONAL LEGAL REGULATION OF HEREDITARY RELATIONS WITH FOREIGN ELEMENT


***Аннотация:*** *Макалада чет өлкөлүк элемент менен мурас мамилелерди укуктук жонго салуунунун кээ бир жактары талкууланат. Улуттук жана эл аралык мыйзамдардын мурас мамилелеринин койгойлорун аткаруу боюнча маселелер аныкталган.*

***Аннотация:*** *В статье рассматриваются отдельные аспекты правового регулирования наследственных правоотношений с иностранным элементом. Определены проблемы правоприменения положений наследственного права, как в национальных правовых системах, так и в международной практике.*

***Annotation:*** *The article discusses certain aspects of the legal regulation of inheritance relations with a foreign element. The problems of law enforcement of the provisions of inheritance law in both national legal systems and international practice are identified.*



***Негизги сөздөр:*** *мурас мамилелер; чет өлкөлүк элемент; эл аралык документтер; чыр-чатактар; юридикалык жардам көрсөтүү; мурасчы; мыйзам.*

***Ключевые слова:*** *наследственные отношения; иностранный элемент; международные акты; коллизии; правовая помощь; наследник; закон.*

***Keywords:*** *inheritance relations; foreign element; international acts; collisions; legal assistance; heir; law.*


Наследование с иностранным элементом регулируется в международной практике тремя основными способами:

1) посредством принятия универсальных международных актов;

2) путем заключения двусторонних соглашений о правовой помощи;

3) при помощи внесения соответствующих коллизионных норм в национальное законодательство.

Рассмотрим все три представленных уровня в отдельности сквозь призму истории.

Как уже отмечалось нами ранее, наследственное право в наименьшей степени подвержено унификации в силу его обусловленности национальными традициями и обычаями. Однако попытки его частичной унификации были все же предприняты в Гаагской конвенции о коллизиях законов относительно форм завеща-